*УДК:371. 322. 4*

*Сыдыкова К.*

# ТЕКСТҮҮ МАСЕЛЕНИН СТРУКТУРАСЫ ЖАНА АТКАРУУЧУ ФУНКЦИЯСЫ

*Сыдыкова К.*

# СТРУКТУРА ТЕКСТОВЫХ ЗАДАЧ И ИХ ФУНКЦИЯ

*K. Sydykova*

# THE STRUCTURE OF WORD PROBLEMS AND THEIR FUNCTION

**Аннотация**: Бул макалада маселе түшүнүгун башталгыч класстакиргизүүнүн максаты, маселенин ролу, маселени чыгаруу процессинде теориялык материалдарды терең өзөштүрүү жана негизги билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандыруу жолдору жөнүндө сөз болот.

**Негизги сөздөр**: маселе, маселенин структурасы, маселенин классификациялары (түрлөрү), маселенин составы жана маселенин функциялары.

**Аннотация:** В статье рассматриваетсяцель внедрения текстовых задач в начальном классе, а также роль текстовых задач, формировать навыки и способности в процессе решения текстовых задач. вопрос о теоретических базовых способностей в этом процессе,

**Ключевые слова**: задача. структура задачи, классификация задачи (типов), а также состави функция задачи.

**Annotation.** This article questions the purpose of introducing the concept of primary classes, and the role of the issue, the issue of the theoretical basic abilities of word development and in the process, will talk about ways to develop their skills.

**Key words:** opinion. the classification structure incurable incurable (tipov), a function with site staff and incurable.

Маселе түшүнүгүн да түрдүү окумуштуулар, методисттер түрдүүчө аныкташат. «Бир же бир нече берилгендерди пайдаланып, белгилүү эреже, формулалардын негизинде, берилгендер менен байланышта болгон бир же бир нече белгисиздерди табууну же касиеттерди далилдөөнү талап кылуучусүйлөмматематикалык маселе деп аталат» (М. И. Моро).

Демек, ар кандай маселеде:

a) Алгачкы шарты (берилгендер);
b) Маселени чыгаруга негиз болуучу эреже, формулалар, теориялык материалдар (базис);
c) Кандайдыр бир чоңдуктарды, объектилерди табууну же касиеттерди далилдөөнү талап кылуучу суроону камтыганб. а. маселенин талабы болот.

Маселелер дидактикалык жана өнүктүрүүчү болушат. Дидактикалык маселеде негизинен:

1. Математикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүү;
2. Далилдей билүүгө үйрөтүү;
3. Көндүмдөрдү жана адаттарды калыптандыруу;
4. Билимин текшерүү;

5. Жаңы материалды баяндоо;
6. Алган билимдерин практикада колдоно билүүгө үйрөтүү ж. б. максаттарда иштешет.

Өнүктүрүүчү маселелер окуучуларды ойлоого, пикир жүргүзө билүүгө, пикирлөөсүн активдештирүүгө, тыянак чыгара билүүгө үйрөтүү максатында пайдаланышат. Окуучуларды окууга кызыктыруу, активдештирүү, акыл жагынан өнүктүрүү максатында маселелерди үзгүлтүксүз пайдалануу керек. Маселелер стандарттуу жана стандартуу эмес деп эки түргө бөлүнөт.

Маселени чыгаруунун жолун, планын, удаалаштыгын аныктайтурган эрежелер, формулалар, аныктоолор, теориялар белгилүү болгон маселелер стандарттуу деп аталат. Ал эми маселени чыгаруунун планын аныктай турган эрежелер, формулалар, теориялар белгисиз болгон маселелер стандарттуу эмес деп аталат.

Маселени чыгарууда окуучу көп нерсени үйрөнөт, окуучулардын математикалык билими кеңейет, тереңдейт, жаңы түшүнүктөрдүн касиеттерин өздөштүрөт. Ошондой эле математикалык билимдерин практикада, турмушта колдоно билүүгө үйрөнүшөт. Маселенин тарбиялык мааниси да чоң. Ал окуучуларды сарамжалдуулукка, үнөмдөөгө, жөнөкөйлүккө, адептүүлүккө, илимге кызыгууга, математиканы сүйүүгө, айлана-чөйрөнү коргоого, эсеп-кысапты так жүргүзүүгө, соода-сатыкка ж. б. тарбиялайт. Окутууда маселенин ролу абдан чоң, маселени чыгаруунун процесси теориялык материалдарды терең өзөштүрүүдө жана негизги билгичтиктерди, көндүмдөрдү калыптандырат. Маселе, маселенин структурасы, маселенин классификациялары(түрлөрү), маселенин составы жана маселенин функциялары деген негизги түшүнүктөрдү мүнөздөөгө токтолобуз. Биринчи класстын алгачкы күндөрүнөн баштап эле окуучулар маселе түшүнүгү менен таанышат. Окутуунун алгачкы күндөрүндө мугалим окуучулардын мектепке чейинки турмуштук тажрыйбасынын негизинде алган матемактикалык билим деңгээлин аныктоо максатында түрдүү мазмундагы суроолор менен аларга кайрылат. Суроолор маселе түрүндө түзүлүшү мүмкүн. «Сенин төрт карандашың бар. Сен дагы бир карандаш алдың. Сенде канча карандаш болуп калды?»[1].

Ошол күндөн баштап орто мектепти бүтүрүүгө чейин окуучулар математикалык маселе түшүнүгү менен үзгүлтүксүз түрдө иш жүргүзүшөт. Маселелердин жардамында окуу процессинде көптөгөн матемактикалык абстракттуу түшүнүктөр калыптандырылат. Окуучулар эсептөө көнүмүшүнө ээ болушат. Ар кандай математикалык закондорду, закон ченемдүүлүктөрдү өздөштүрөт.

Балдарды маселе чыгарууга үйрөтүүдө 1-4-класстардын математикасы айрыкча чоң мааниге ээ. Окутуунун бул мезгилинде окуучулар маселени чыгарууда тандап алган ар бир амалды негиздөөгө жана алынган жыйынтыкты түшүндүрүп берүүгө, чыгарылышынын сандык формуласын түзүүгө жана маселенин суроосуна толук жооп берүүлөрүнө үйрөнүүлөрү тийиш. Окуу китебинде сунуш кылынган даяр маселелерди чыгаруу менен бирге, окуучулар өз алдынча маселе түзүүгө көнүгүшөт.

Ошондой эле тексттүү маселелердин жардамында «5ке чоң (кичине)», «5 эсе чоң (кичине)»деген сөздөр аркылуу туюнтулган математикалык катыштар менен тааныштырууга, бир катар геометриялык түшүнүктөрүн калыптандырууга, алгебранын айрым элементтери менен тааныштырууга болот. Окуучулар айрым чоңдуктардын арасындагы байланыштарды ачып көрсөтүүдөгү текстүү меселелердин ролун белгилей кетүүгө болбойт. Алсак, башталгыч класстардан баштап эле баа, сан, нарк түшүнүктөрүн, убакыт, ылдамдык, аралык жана дагы ушундай чоңдуктардын арасындагы байланыштарды

калыптандыруунун негизги каражаты болуп маселе кабыл алынган. 3-4-класстарда да маселе жогорудагыдай эле математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу максатында колдонулат. Мында айтылгандардан тышкары маселени окуучулардын жалпы эле логикалык ой жүгүртүүсүн өздөштүрүүдө аларды курстакаралып жаткан кубулуштардын байланыштарын анализдөөгө жана синтездөөгө, жалпылоого, абстракциялоого жана конкреттештирүүгө үйрөтүүдө кеңири пайдаланабыз. Окуучулардын маселе түшүнүгүнө тийиштүү билиминдеги негизги кемчиликтердин бири болуп маселенин түзүүчү элементтеринин бири-биринен ажырата албоочулук эсептелет.

Окуучулар, адатта маселенин тексти кандайдыр бир сандык чоңдуктарды өз ичине камтырын тез эле өздөштүрүшөт. [2]

Бирок алар үчүн маселе кандайдыр бир суроо-талап коюу менен аяктаары көмүскөдө кала берет. Алар үчүн өз алдынча маселе түзүүгө көнүгүүнүн алгачкы учурларында, маселенин шартын баяндап, ага суроо коюунун ордуна, түз эле жообун айта салышат. Ошону менен тапшырма аткарылды деп эсептешишет. Мисалы, алар маселени «Адылдын 5 маркасы бар. Ал дагы 1 марка сатып алды. Анда 6 марка болуп калды» деп түшүнүшөт.

Окуучулар үчүн маселелерди туура чыгарууну камсыз кылуучу алгачкы кадам маселенин суроосун түшүнүү экенин эстен чыгарбоо керек. Суроосуз же талабы жок маселе болбой тургандыгын алар жакшы түшүнөрү зарыл.

Маселе система катарында өзүнүн элементтери жана алардын ортосундагы байланышты аныктоочу структурага ээ. Ар бир маселенин бири-биринен өзгөчөлүгү алардын структурасында. Структурасы канчалык татаал болсо, алардын чыгарылышы да татаал болот.

Маселенин структурасын түшүнүүгө багытталган бир нече иш аракеттерге токтололу. Л. М. Фридман «маселенин структурасын түзүү үчүн адегенде андагы негизги элементтерди аныктап, алардын ортосундагы байланышты түзүү керек», - дейт. Андан кийин төмөнкү модель боюнча маселенин айтылыштык формасын түзүүнү көрсөткөн.




Ал эми А. М. Сохор маселенин структурасын, маселенин ички катыштарын мүнөздөөчү (өз ара байланышы, өз ара көз карандылыгы) берилген чоңдуктар менен изделүүчү чоңдуктардын ортосундагы байланыштыаныктоо катарында, ал эми маселенин структурасын окуп үйрөнүү үчүн, анын шартын гана карабастан, анын чыгарылышынкароо керек дейт.

В. И. Крупич болсо, маселенин структурасын анын чыгарылышын издөө катарында карап, маселенин структурасы менен аны чыгаруу процессинин структурасын айырмалап көрсөткөн. Маселенин текстин, анын берилишиндеги берилген чоңдуктар менен изделүүчү чоңдуктардан байланышын көрсөтүүчү негизги катыш катарында кароо керек. Маселенин структурасы аны чыгаруунун жолдорунун стратегиясын аныктайт. Психологиялык изилдөөлөр дагы, маселенин чыгарылышы, анын структурасын күчөтөрүн аныкташкан. Демек, маселенин чыгарылышы менен анын структурасы өз ара тыгыз байланышкан. Ошентип маселе системакатарында структурага ээ, ал структурамаселенин татаалдыгын көрсөтөт.




Маселенин составы, төмөнкү структуралык схема боюнча анализдениши мүмкүн.

Акырында, маселелердин функциясына токтолобуз. Акыркы мезгилде жүргүзүлгөн педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй математиканы окутуу процессинде мугалим окуу китебинде берилген маселелердин тигил же бул системасы же айрым алынган маселе кандай функцияны аткарарын ажырата билүүсү зарыл. Окутууда маселе дидактикалык, таанып-билүү, өнүктүрүү же прикладдык функцияны аткаруусу тийиш. Албетте, маселелерди алардын аткаруучу функциялары боюнча мындай классификациялоо кандайдыр бир деңгээлде шарттуу жүргүзүлгөн болуп саналат. Бир эле маселе окутуунун ар кандай мезгилинде ар кандай функцияны аткарышы мүмкүн. Ошондой болсо да, аларды кыскача айрым-айрым мүнөздөй кетүү мугалимдер үчүн пайдасын тийгизбей койбойт.

Дидактикалык функцияларды аткаруучу маселелерге мурда өздөштүрүлгөнтеорияны же каралып жаткан көз карандылыкты түздөн-түз колдонууга карата түзүлгөн маселелер, математиканын мектептик курсундагы бардык негизги фактыларды бышыктоо максатында түзүлгөн маселелер кирет. Мындай маселелер жардамчы ролго ээ болушат.

Таанып-билүү функцияларга математикаларга ээ болгон маселелерге математика курсунун негизги мазмунун өздөштүрүү максатында түзүлгөн маселелер кирет. Бул маселелер билим алуу максатын көздөп, аларды чыгаруу процессинде окуучулар математикалык теориянын элементтери менен таанышышат.

Ал эми мазмуну боюнча математиканын негизги курсунан айырмаланып турган жана окуучулар тарабынан мурда өздөштүрүлгөн мектеп программасына тиешелүү айрым материалдарды тереңдете алуучу маселелер өнүктүрүү функцияларга ээ болгон маселелерге кирет. Мындай маселелерди чыгаруу окуучулардын ой жүгүртүүсүндөгү логикалык ыкмалардын иштелип чыгышына көмөкчү болот. Өнүктүрүү функцияларды аткаруучу маселелердин системасынын текстинде коюлган суроонун өзү эле салыштырууну, далилдөөнү, текшерүүнү талап кылуучу маселелер, чыгарууда ой жүгүртүү ийкемдүүлүгүн, сергектикти, тапкычтыкты талап кылган маселелер кирет.

Акырында, өндүрүштүк темадагы маселелерди жана окуучулар эмгекоперацияларын түздөн-түз аткаруу процессинде чыгарылуучу маселелерди прикладдык функцияларга ээ болгон маселелерге киргизүүгө болот. [3]

Албетте, окутуу процессинде ар бир мугалим, маселенин жогоруда саналып кеткен функцияларын эске алуусу керек. Кайсы маселе кайсы учурда кандай функцияны аткараарын ажырата билүүсү зарыл.

**Адабияттар:**

1. БекбоевИ. Б., Ибраева Н. Математиканы I –IV класстарда окутуу. - Бишкек, Кыргызстан, 1998. – 168б.
2. Л. М. Фридман «Психология педагогической основы обучения математике в школе. Москва. 1983. 123-б.
3. В. И. Крупич. «Модель математизации структур текстовых задач школьного курса математики» Ленинград. 1981. 13-б.

**Рецензент: к. пед. н., доцент Казиева Г. К.**